Койлубаева А.К., Жаманкулова Ж. О.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# НЕМЕЦ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ БАЯНДАГЫЧ ЖАНА БУЙРУК ЫҢГАЙЛАР

*Бул макалада немец тилинин ыңгайларын кыргыз тилинин ыңгайлары менен салыштырабыз. Чет тилин үйрөнүүдө, үйрөнүп жаткан тилдин грамматикасын өз эне тили менен салыштырып үйрөнүү зарыл* жана пайдалуу.

Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн ичинде этиш өзгөчө орунда турат. Анткени, биринчиден, этиштер тилдеги сөздүк кордун көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Экинчиден, алардын грамматикалык түзүлүшү өтө татаал грамматикалык категорияларга ээ. Аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу категорияларынын бири - ыңгай категориясы болуп саналат. С.Давлетов жана С.Кудайбергенов «Азыркы кыргыз тили» эмгегинде ыңгайга төмөнкүдөй аныктама берген: «Кыргыз тилинде ыңгай кыймыл аракеттин чындыкта аткарылышына болгон катышын билдирет. Кыймыл аракеттин катышы сүйлөөчү тарабынан белгиленет». Д.Исаев, С.Кудайбергенов, С.Үсөналиев «Кыргыз тили» «Сүйлөөчү адамдын кыймыл-аракетине карата болгон мамилесин билдирген этиш сөздөр ыңгай деп аталат».

Немец тилинде да этиш сөздөр көп колдонулуп, төмөнкүдөй грамматикалык белгилерге ээ. Этиш сүйлөмдө баяндоочтун милдетин аткарып жак жана сан боюнча өзгөрөт. Этиштин 6 чак формасы 3 ыңгайы бар. Бул макалада биз немец жана кыргыз тилинин ыңгайларынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштырып өтөбүз. Кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон катышын сүйлөөчүнүн жеке көзкарашы аркылуу көрсөтүүчү категория ыңгай категориясы деп аталат. Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы сүйлөөчүнүн объективдүү чындык жөнүндөгү ою катары берилип, 3 жактын биринде туюндурулса, баяндагыч ыңгайды түзөт. Ал эми ал сүйлөөчүнүн оюндагы субьективдүү чындык болуп буйруу, каалоо-тилек, максат, шарт сыяктуу ар түрлүү маанилерди билдирсе. Буйрук, тилек, ниет, шарттуу ыңгайларга туура келет. Немец тилинде этиштин 3 ыңгайы бар болсо, ал эми кыргыз тилинде ыңгайдын 5 түрү бар.

| Немис тили | Кыргыз тили |
|---|---|
| 1.Indikativ | 1.Баяндагыч ыңгай |
| 2.Imperetiv | 2.Буйрук ыңгай |
| 3.Konjunktiv | 3.Тилек ыңгай |
| | 4.Ниет ыңгай |
| | 5.Шарттуу ыңгай |

Indikativ- кыргыз тилиндеги баяндагыч ыңгайга туура келет, реалдуу болуп жаткан

кыймыл-ракетти көрсөтөт.

«Баяндагыч ыңгай мааниси боюнча кыргыз тилинин башка ыңгайларынан бир аз башкачараак. Баяндагыч аркылуу берилген кыймыл-аракет сүйлөөчү тарабынан ырасталчу же таанылчу аракет катарында түшүнүлөт. Мындагы кыймыл-аракет болуп жаткан, болуп өткөн же боло турган, б. а., чындык катарында ачык көрсөтүлөт. Экинчиден ыңгайдын калган түрлөрүнөн баяндагыч ыңгай чак формаларынын бардыгы менен айырмаланат, ыңгайлардын калган түрлөрүндө болсо кыймыл-аракет болжол, мүмкүндүк, шарт, тилек, буйрук ж.б. сыяктуу формада реалдуу эмес түрдө белгиленет»(1). Ошентип, баяндагыч ыңгайда  кыймыл аракеттин чындыкка болгон катышы  сүйлөөчүнүн жеке түшүнүгүндө дайыма анык болот да, ал чак категориясын уюштуруучу каражаттар аркылуу берилет. Тактап айтканда, мындай учурда чак категориясын  уюштуруучу каражаттар ыңгай категориясын да уюштурат. Мисалы:

Оку+ду+м, оку+ду+ң, оку+ду+

ңуз, оку+ду+к, оку+ду+нуздар сыяктуу айкын өткөн чак  этиш формаларында «оку» этишине жалганган  чак жана жак мүчөлөр чактык да, ыңгайлык да маанилерди билдирип турат.

Немец тилинде болсо, Indikativ- кыргыз тилиндеги баяндагыч ыңгайга туура келет. Indikativде кыймыл-аракет же процесс сүйлөөчү тарабынан реалдуу факт катары каралып, өткөн чакта же учур чакта же келер чакта аткарылуучу кыймыл аракетти көрсөтөт. Немец тилинин баяндагыч ыңгайында этиш чак форманын алтоосунда тең тура алат жана залогдордун түрлөрүндө да турат. Алар: Präsens-учур чак, Präteritum-жөнөкөй өткөн чак, Perfekt-татаал өткөн чак Plusquam-perfekt- өткөн өткөн чак, Futurum- келер чак.

Мисалы: Im Sommer baden wir jeden Tag im See. Жайында биз күн сайын көлгө түшөбүз. Während der Ferien werden die Kinder viel reisen. Каникулда балдар көп саякаттай алат. Das Buch wird mit großem Interesse gelesen. Китеп чоң кызыгуу менен окулуп жатат.

Imperativ - буйрук ыңгайга туура келет. Кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдүн дээрлик бардыгы  баш-тапкы турпатында туруп эле  буйруу маанисин билдирет. Тагыраак айт-канда,  кыймыл-аракеттин сүйлөөчү тарабынан 3 - жактын бирине карата багытталып, буйруу, өтүнүү, талап кылуу маанилеринде айтылат. С.Давлетов жана С.Кудайбергеновдун атыктамасы боюнча буйрук ыңгай сүйлөөчү тарабынан буйрук, каалоо, өтүнүч, сунуш, чечим түрүндө айтылган кыймыл-аракетти көрсөтөт. Этиштин буйрук ыңгайы төмөнкүдөй жолдор аркылуу уюшулат:

1. 1-жактын көптүк түрүнүн мү-чөсү (-алы) аркылуу: Жүргүлө, бүгүн көлгө баралы.
2. Жекелик санда 2-жактын жак мүчөсүз айтылышы аркылуу: Бар, сыртка чыгып тур.
3. Кээде 2-жак жекелик санда –гын, -гыңыз мүчөлөрү аркылуу айтылып, буйруу.

Талап кылуу маа-нисин берет: баскын, окугунуң, сүйлөгүн, сылык түрүндө: -ыңыз, басыңыз, окуңуз, сүйлөңүз ж.б.

4. 2-жак көптүк санда –гыла мүчөсү менен буйруу, талап кылуу маанисин берет:

5. окугула, күтпөгүлө, сүйлөгүлө ж.б.

6. 3-жакта –сын мүчөсү буйруу, талап кылуу маанисин берет: окусун, жазсын, көрсүн ж.б.

Немец тилинде болсо Imperativ буйрук ыңгайды түшүндүрөт. Imperativ-сүйлөөчү тарабынан башка адамга же адамдардын группасына буйрук, сурануу, тыюу салуу, бир нерсени жасоону үндөөнү билдирет жана анын төмөндөгүдөй 4 формасы бар:

1. жекелик сандын 1-формасы Zeichne! Lauf! Gib!

2. көптүк сандын 2-формасы Zeichnet! Lauft! Gebt!

3. көптүк сандын 1-формасы Zeichnen! Laufen! Geben!

4. этиштин сылык формасы Zeichnen Sie! Laufen Sie! Geben Sie!

Бардык төрт форманын тең түзүлүшүнүн негизин этиштердин баяндагыч ыңгайдагы учур чактык формалары түзөт. Немец тилинин буйрук ыңгайында жекелик жана көптүк сандын экинчи жагында өздүк ат атооч колдонулбай калат.

| Infinitiv Этиштин баштапкы формасы | 2.Person Singular Indikativ Баяндагыч ыңгайдын жекелик санынын 2-жагы | 2.Person Singular Imperativ Буйрук ыңгайдын жекелик санынын 2-жагы |
|---|---|---|
| machen | du mach-st | Mache! Жаса! |
| kommen | du komm-st | Komme! Кел! |
| aufstehen | du steh-st auf | Steh(e) auf! Тур! |

| Infinitiv | 2.Person Plural Indikativ Баяндагыч ыңгайдын көптүк санынын 2-жагы | 2.Person Plural Imperativ Буйрук ыңгайдын көптүк санынын 2-жагы |
|---|---|---|
| baden | du bade-st | Bade! Сууга түш! |
| zeichnen | du zeichn-est | Zeichne! Сүрөт тарт! |
| lächeln | du lächel-st | Lächle! Күл! |

Илептүү сүйлөмдө этиш биринчи орунда турат. Немец тилинде этиш-тердин бөлүнүүчү жана бөлүнбөөчү бөлүкчөлөрү болдот. Буйрук ыңгай-дын 4 формасында тең бөлүнүүчү бөлүкчөлөр бөлүнүп сүйлөмдүн аягында турат.

Steh um 9 Uhr morgens auf!

Немец тилинин буйрук ыңгайынын сылык формасы баяндагыч ыңгайдын формасына дал келет. Sie ат атоочу этиштен кийин коюлат (2).

| Infinitiv | **Höflichkeitsform** Indikativ **баяндагыч ыңгайдын сылык формасы** | **Höflichkeitsform** Imperativ **буйрук ыңгайдын сылык формасы** |
|---|---|---|
| machen | Sie machen | Machen Sie! Жасаңыз! |
| sich setzen | Sie setzen sich | Setzen Sie! Отуруңуз! |
| fahren | Sie fahren | Fahren Sie! Жүрүңүз! |

Модалдык этиштердин буйрук ыңгайлык формасы болбойт. Немец тилиндеги эң эле көп колдонулган жардамчы этиш sein –болуу буйрук ыңгайда төмөнкүдөй формаларды алат.

Sei! – Бол!

Seid! – Болгула!

Seien Sie! – Болуңуздар!

Seien wir! – Бололу!

Демек, немец тилинде этиштин 3 ыңгайы бар болсо, ал эми кыргыз тилинде ыңгайдын 5 түрү бар. Ал ыңгайлардын ичинен баяндагыч жана буйрук ыңгайлар жалпысынан окшошуп кетишет. Бир гана буйрук ыңгай кыргыз тилинде 5 жол менен уюшулса, немец тилинде буйрук ыңгайдын 4 формасы бар. Жалпы ыңгайлардын арасынан немец тилинин коньюнктиви өзгөчөрөөк.

## Адабияттар


1. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология.- Фрунзе: Мектеп, 1980.
2. Нарустранг Е.В.Практическая грамматика немецкого языка. С. П б.: Союз, 2005.
3. Рахманкулова И.Э.Практичес-кая функциональная грамматика немецкого языка. - Москва, 2005.
4. Соколова Н.Б., Молчанова И.Д.. Справочник по грамматике немецкого языка. – Москва: Просвещение, 1989.